# Мектептеги 1-4-класстардын окуучуларынын тамактануусу боюнча

**КРнын 2002-жылдын 27-июнундагы №111 КРнын жалпы билим берүү мектептериндеги окуучулардын тамактануусун уюштуруу тууралуу мыйзамы ишке кирген. Кыргыз өкмөтүнүн 2006-жылдын 24-апрелиндеги №293 "КРнын жалпы билим берүү" мектептериндеги окуучулардын тамактануусун уюштуруу тууралуу токтом кабыл алынган.**

**КРнын президентинин 2006-жылдын 12-июлундагы УП№372 КРнын жалпы билим берүү мектептериндеги окуучулардын тамактануусун уюштуруу тууралуу указы чыккан. КРнын илим , билим жана жаштар саясаты министрлигинин 2006-жылдын 27-июлундагы №492/1 КРнын жалпы билим берүү мектептериндеги 1-4-класстардын окуучулары үчүн тамактанууну уюштуруу тууралуу буйругунун негизинде 2013-жылы ВВПООН долбоор даярдалып өткөрүлүп, мектепте 1-сентябрь 2014-жылдан баштап 1-4-класстын окуучулары үчүн ысык тамак берилип келе жатат. Мектептин ашканасы талапка ылайык жабдылган.**

**М. Балбаков атындагы орто мектеби 2017-жылдан баштап Мерсико уюму тарабынан пилоттук айылга киргендигибизге байланыштуу азык түлүк программасына кирип , ысык тамак менен камсыз болуп келет. Алар атайын ашпозчулардын окуусунан өтүп келишкен жана сертификаттарга ээ болушкан. Мектептеги ысык тамак бул жөнөкөй маселе эмес. Мунун артында ашпозчулардын чыналган эмгеги, мектеп администрациясынын колдоосу, ата-энелердин, жергиликтүү бийликтин жана өнөктөштөрдүн эмгектери зор. Мектептеги тамактандыруу баланын жалпы өнүгүү процессине жана ден соолугуна таасирин тийгизет. 2022-2023-окуу жылында 1-4- класстын окуучуларына берилип жаткан чайдын жумасына 3 жолу берилүүчү ысык тамактын сапаттуу берилишин контролдоо, азык-түлүктөрдү көзөмөлдөө боюнча бракеражды жүргүзүү комиссиясы түзүлгөн.**

**Биздин М. Балбаков атындагы орто мектептин 1-4- класстарда жалпысынан 46 окуучу ысык тамак ичишет. Мектептин рационунда ар кандай тамактын түрү бар. Менюлар райондук билим берүү бөлүмүндөгү ысык тамактын берилиши боюнча координатор жана бухгалтер тарабынан кварталга же айга бөлүнүп түзүлүп бекитилип берилет.Ар бир жуманыкы бөлүнүп жазылып мектеп директору бекитет.Түзүлгөн менюнун негизинде тамак аш берилип турат. Балдар жумасына 3 жолу эт менен ысык тамак, 2 жолу мектеп булочкасы, үч жолу лепешка жана кургатылган жемиштен компот ичишет.Ашканада балдардын тамактарын уюштурууда бардык шарттар бар. Ашпозчулар, жардамчылар кийип жүргөндөн сырткары бир кийилүүчү чепчик , маска да коюлган. Аптечкалары ай сайын каралып толукталып турат.Ай сайын генералдык уборка, жума сайын күнүмдүк уборка жүргүзүлүп турат.**